***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс- маалымат***
2017-ж. 10-октябрь

**2017-жылдын январь-октябрь айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-сентябрь 2016[1] январь-сентябрына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-сентябрь 2015 январь-сентябрына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 334983,9 | 105,0 | 101,5 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 302200,2 | 103,6 | 102,7 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 160993,9 | 120,7 | 95,3 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 92003,8 | 122,9 | 100,7 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 12558,1 | 194,0 | 119,6 |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 122190,2 | 117,0 | 94,3 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 24890,8 | 112,3 | 91,7 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1354,7 | 106,1 | 105,0 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 158095,5 | 100,8 | 102,1 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар | 79215,8 | 104,0 | 105,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 76986,2 | 105,2 | 107,3 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-сентябрь 2016[1] январь-сентябрына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-сентябрь 2015 январь-сентябрына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 307214,6 | 103,6 | 108,6 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 170224,9 | 105,1 | 107,9 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 14166,5 | 107,4 | 109,5 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 22393,2 | 101,9 | 104,1 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 521,1 | 103,7 | 103,6 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 510,6 | 104,5 | 75,2 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 16981,5 | 75,9 | 93,4 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,0 | 100,7 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 101,2 | | |
| - 2016-ж. сентябрына карата | 103,3 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 62,8 | 111,7 | 99,1 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14801 | 106,5 | 110,9 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 3888,4 | 112,1 | 94,3 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1515,7 | 113,7 | 79,0 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1106,4 | 124,4 | 96,1 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 384,2 | 127,5 | 118,4 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 2782,0 | 107,8 | 93,6 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1131,5 | 109,6 | 72,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-август. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-август (алдын ала маалыматтар боюнча).

**2017-жылдын январь-сентябрь айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** 2017-ж. январь-сентябрь айларындагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы металл кендерин казуунун (4,4 эсеге), тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (1,4 эсеге), негизги металлдарды чыгаруунун (18,6 пайызга), башка металл эмес минералдык продуктуларын (16,6 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн (15,8 пайызга), ошондой эле электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (12,3 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

Ошону менен бирге электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүүдө 72,5 пайызга, электр жабдууларын өндүрүүдө 16,0 пайызга өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин деңгээлинен артта калуу байкалды.

**Айыл чарбасы.** 2017-ж. январь-сентябрь айларында айыл чарба дүң продукциясынын өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын продукцияларынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казып алуу объекттеринин, иштетүүчү өндүрүштүн, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), дүң жана чекене соода, мейманкалардын жана ресторандардын, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоо объекттерин курууда, ошондой эле, турак жай курулушунда байкалды.

Ошону менен бирге негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт иши жана жүктөрдү сактоо, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, маданият, көңүл ачуу жана эс алуу объекттерин курууда, башка тейлөө ишмердүүлүгүндө, ошондой эле билим берүүдө байкалды.

Ошол эле учурда ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 6,2 пайызга өстү, ал эми сырткы булактардан түшкөнү 0,9 пайызга төмөндөдү.

Инвестициялардын негизги көлөмү (жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 76 пайыздан ашыгы) пайдалуу кендерди казуу, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишинин объектилерин курууга жана турак жай курулушуна багытталган.

**Соода.** 2016-ж. январь-сентябрына салыштырмалуу, дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоонун жүгүртүүсүнүн көбөйүшү, дүң (3,0 пайызга) жана чекене сооданын (5,1 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

Өткөн жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу, Нарын облусунан башка республиканын бардык аймактарында мейманкана жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү жогорулады.

**Баалар жана тарифтер**. үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу бүткүл республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,3 пайызга төмөндөшү белгиленген, бул негизинен алардын тамак аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга карата 1,2 пайызга төмөндөшү менен шартталган. у.ж сентябрь айында кумшекердин (11,4 пайызга),

картошканын (8,4 пайызга), жаңы бышкан жашылчанын (7,0 пайызга), алма жана алумуруттун (6,2 пайызга), күрүчтүн (бир пайызга), минералдык суулардын жана суусундуктардын (0,8 пайызга), өсүмдүк майынын (0,2 пайызга) баалары төмөндөгөн. у.ж. сентябрь айында мурунку айга салыштырмалуу, азык-түлүк эмес товарларына баалар жана тарифтер 0,6 пайызга, кызмат көрсөтүүлөргө – 0,2 пайызга, алкоголдук суусундуктарга жана тамекиге - 0,2 пайызга жогорулашы байкалган.

У.ж сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын өсүшү Баткен облусунда (0,4 пайызга) белгиленген, ал эми Жалал-Абад облусунда баалар өткөн айдын деңгээлинде сакталып калды. Ошол эле учурда ү.ж сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу тамак-аш продуктуларынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын төмөндөшү республиканын бардык аймактарында белгиленген.

Тогуз айдын ичинде (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) инфляциянын деңгээли республика боюнча керектөө секторунда 1,2 пайызды түздү. у.ж башынан баштап керектөө бааларынын жана тарифтеринин эң көп өсүшү I кварталда (2,1 пайызга) байкалган, II кварталда ал 0,7 пайызды түзгөн. у.ж III кварталында тескерисинче, баалардын жана тарифтердин 1,5 пайызга төмөндөшү байкалган, бул тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын 4,9 пайызга төмөндөшү менен шартталган.

У.ж сентябрь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу, баалар тамекиге 20,0 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөргө - 6,2 пайызга эң көп жогорулаган. Тамак-аш продуктуларынын жана алкоголсуз суусундуктардын, ошондой эле азык-түлүк эмес товарларынын бааларынын өсүшү 0,1 пайызды түздү. Алкоголдук суусундуктардын баалары ү.ж башынан баштап тескерисинче, 3,8 пайызга төмөндөгөн.

У.ж. сентябрь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу, керектөө бааларынын жана тарифтеринин эң көп өсүшү (5,7 пайызга) Ош облусунда белгиленген, бул республиканын башка аймактарына салыштырмалуу, тамекинин (1,6 эсеге), азык-түлүк эмес товарларынын (5,6 пайызгаа), ошондой эле тамак аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын (4,4 пайызга) бааларынын бир кыйла өсүшү менен шартталган.

**Тышкы экономикалык иштер.** 2016-ж. январь-августу менен салыштырганда 2017-ж. январь-августунда экспорттук жеткирип берүүлөр 24,4 пайызга жогорулаган, бул баалуу металлдардын концентраттарын жана рудаларын - 21,6 пайызга, айнекти жана кургатылган жемиштерди - 2,2 эсеге, ак майды – 4,9 эсеге, бахта буласын 16,4 пайызга жана монетардык эмес алтынды – 25,7 пайызга жеткирип берүүнүн жогорулашына байланыштуу болду.

Ошол эле учурда кургатылган буурчак өсүмдүктөрүн – 2 эсеге, электр лампасын - 33,3 пайызга, таштандыларды жана жез ломун 12,5 пайызга алып чыгуунун төмөндөшү байкалган.

Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы мунай заттарды – 38,5 пайызга, дары-дармектерди – 1,5 эсеге, байланыш аппаратураларын жана анын бөлүктөрүн – 30,5 пайызга, дөңгөлөктөрдү жана тамекини – 3 эсеге, синтетикалык кездемелерди – 4,3 эсеге, болоттон жасалган зымдарды - 22,5 пайызга, азоттук жер семирткичтерди – 7,6 пайызга, башка трикотаж кийимдерди – 9,6 пайызга, керамикадан жасалган ашкана идиштерин алып келүү – 3,5 эсеге жогорулашы менен шартталды.

Муну менен бирге жеңил автомобилдерди 40,2 пайызга, автомобилдер үчүн бөлүктөрдү жана тетиктерди 7,6 пайызга, жол жана курулуш техникасын – 26,3 пайызга, болоттон жасалган зымды алып келүү – 23,0 пайызга төмөндөгөн.

2017-ж. январь-августунда *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 1515,7 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-ж. январь-августуна салыштырганда 13,7 пайызга жогорулады. Мында экспорт – 27,5 пайызга, импорт – 9,6 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (58,7 пайыз) жана Казакстанга (39,4 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен эркектердин трикотаждык кийимдерин - 1,7 эсеге, пиязды жана чеснокту - 6,2 эсеге, кургатылган жемиштерди - 2,4 эсеге, жаңы бышкан жемиштерди - 1,5 эсеге, сабизди, ашкана кызылчасын жана башка тамыр жемиштерди - 2,6 эсеге, ошондой эле сүттү, кургатылган жана коюлтулган сүттү чыгаруу - 2,1 эсеге көбөйдү.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен мунай заттарын – 17,1 пайызга, шоколад жана башка даяр тамак аш азыктарын – 17,8 пайызга, үй канаттууларынын этин - 4,1 эсеге, нан жана ундан жасалган кондитердик азыктарын – 1,6 эсеге, дөңгөлөктөрдү – 3,2 эсеге, болоттон жасалган зымдарды - 33,2 пайызга киргизүү көбөйдү. Ошол эле учурда, күн карама майын киргизүү 39,6 пайызга төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен аялдардын токума көйнөктөрүн 2,3 эсеге, сүт жана коюлтулбаган каймакты 30,7 пайызга, картошканы 5,6 пайызга, жаңы бышкан мөмө-жемиштерди 2,8 эсеге жана байпак буюмдарын алып чыгуу - 6,7 эсеге көбөйдү. Ошону менен бирге, пластмассалык идишти 3 эсеге, эркектердин кийимдерин - 2,8 эсеге, ошондой эле пахта, йогурт, айранды алып чыгуунун – 0,5 пайызга төмөндөшү байкалды.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен таш көмүрдү - 29,8 пайызга, минералдык жана газдалган сууларды - 2,1 эсеге, табигый кумду – 6 эсеге, макарон азыктарын – 4,2 эсеге, соус жасоого арналган азыктарды - 2,3 эсеге, күн карама майын 1,6 эсеге, маргаринди 1,4 эсеге, кир жуучу каражаттарды, ошондой эле кондитердик азыктарды - 6,9 пайызга алып кирүүнүн көлөмү өстү.

Ошол эле учурда косметикалык каражаттарды алып келүү 2 эсеге, буудайды – 1,4 эсеге, буудай унун – 16,2 пайызга, шоколад жана башка даяр азыктарды– 5,5 пайызга төмөндөгөн.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**